И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү Жумабаева Динара Сапарбаевнанын "Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү" аттуу 13.00.02.-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИК ПИКИРИ

**Илимий жетекчиси:** Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич, педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**1. Коргоого кабыл алынган диссертациялык иштин диссертациялык кеңештин шифрына ылайык адистикке туура келиши:**

- Жумабаева Динара Сапарбаевнанын "Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү" аттуу темадагы диссертациялык иши Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет;

-диссертациялык изилдөөдө көтөрүлгөн илимий-методикалык проблемалар 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына туура келет.

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу төмөндөгүлөр менен аныкталат:**

-бүгүнкү күндө жаштарды өз улутунун элдик педагогикасынын, байыртан бери келаткан нарк, нускасынын негизинде тарбиялоо коомдун талабы болсо да, жогорудагыларды ишке ашыруунун илимий-усулдук негиздеринин турмушка толук түрдө ашырылбай жаткандыгы;

-колледж системасы практикага киргизилгенине он жылдан ашып калса да, колледждерде кыргыз адабиятын окутуу боюнча ушул кезге чейин усулдук колдонмолордун жетишерлик эместиги;

-колледждерде элдик акындардын поэзиясын этнопедагогикалык негизде окутууда окутуучулардын тажрыйбалары топтолуп калса да, алардын ишмердүүлүгүнө ушул күнгө чейин илимий баа берилбегендиги ж.б.

**3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары:** *-изилдөөдө педагогика илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган*:

1-жыйынтык: -колледждерде кыргыз адабиятын, анын ичинде акындар поэзиясын окутуунун жалпы өзгөчөлүктөрү системалык негизде аныкталган;

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 139 «30» 09 2022 ж/г

2-жыйынтык: - диссертацияда “окутуунун этнопедагогикалык негизи” түшүнүгү иликтенген, ошону менен бирге, “окутуунун этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү» түшүнүктөрү илимий адабияттарга таянылып такталган;

3-жыйынтык: - азыркы учурда колледжерде студенттерге билим жана тарбия берүүдөгү маанилүү бир проблема катары акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн практикалык мааниси ачылып берилген;

4-жыйынтык: - колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү аркылуу студенттер ээ болуучу компетенттүүлүктөр такталган жана анын ичинде этномаданий компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу жолдору изилденген, анын технологиялары сунушталган.

**4. Диссертациядагы алынган натыйжалардын негизделишин жана ишенимдүүлүгүн булар далилдейт:**

1-жыйынтык: -темага жараша теориялык-методикалык адабияттар үйрөнүлүп, жаңы изилдөөлөргө жана алдыңкы тажрыйбаларга таянылгандыгы жана колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүнүн методологиялык таянычтары так көрсөтүлгөндүгү;

2-жыйынтык: - акындар поэзиясын окутуу методикасынын жана аны изилдөөнүн тарыхый обзорун берүү менен, адабиятты этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча буга чейинки урунтуу изилдөөлөргө таянгандыгы;

3-жыйынтык: -этнопедагогикалык компетенттүүлүк маселелерин тактоодо кыргыз акындар поэзиясынын ири өкүлдөрүнүн чыгармаларын изилдеп, жыйынтык чыгаргандыгы;

4-жыйынтык: -изилдөөгө ылайык педагогикалык эксперимент уюштуруп, анын натыйжаларына таянгандыгы.

**5.Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылыгынын деңгээли:**

1-жыйынтык: -учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин “Улуттук нарк” тууралуу чыккан Указына бул изилдөөнүн мазмуну көп жагынан дал келет, анткени мында элдик нарктуулук идеялары камтылган эл акындарынын чыгармалары иликтенген, андагы элдик тарбия идеялары кыйла деңгээлде чагылдырылган, ошонун негизинде, диссертацияда кыргыз баласынын таалим-тарбиясын элдик акындардын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялар аркылуу өнүктүрүү керектигине басым коюлган;

2-жыйынтык:-изилдөөдө эл акындары Молдо Нияздын жана Молдо Кылычтын санат-насыяттарынын жана поэмаларынын таалим-тарбиялык идеялары талданып, андагы каармандар турмуштагы реалдуу инсандар менен салыштырылган, натыйжада, колледждин окуучуларынын турмуштук көз

караштарын өнүктүрүү көңүлгө алынган, жана да, аталган чыгармалардын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун жолдору жана ыкмалары сунушталган;

3-жыйынтык: -иштелип чыгылган методикалык сунуштар учурда кыргыз адабиятын заманбап талаптарга жараша окутууну, анын методдорун, методикалык ыкмаларды өнүктүрүү тууралуу ойлору жана жаңы технологиялар төмөндөгүчө берилген, атап айтканда, салыштыруу жана талдоо методунда Молдо Нияздын «Даткайым» чыгармасын башка чыгармалар менен салыштыруу, каарманды эпикалык дастандардагы аялзаты менен ассоциациялоо методу көрсөтүлгөн. Илимий-изилдөөлөрдү үйрөнүү жана практикада пайдалануу методунда Молдо Кылычтын «Бүркүттүн тою» чыгармасын окутууда адабиятчылар Тазабек Саманчин менен Кеңешбек Асаналиевдин пикирлерин колдонуу методикасы чагылдырылган. Нормативдик материалдарды үйрөнүү методунда билим берүү мыйзамдары, окуу программалары, окуу китептери талдоого алынган.Практикалык тажрыйбаларды талдоо, жалпылаштыруу методу колдонулуп, анда колледждерде элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде үйрөтүү багытында Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин окутуучулары Б.Кыдырованын, Г.Аскарованын иш тажрыйбалары жалпылаштырылган жана пайдаланылган.

Сурамжылоо, аңгемелешүү методу менен колледж окутуучуларынын, студенттердин арасында кыргыз адабиятында элдик акындардын чыгармаларын этнопедагогикалык негизде окутуу боюнча аңгемелешүү өткөрүлгөн жана алардын жыйынтыктары колдонулган.

*Ошону менен бирге, төмөндөгүдөй жаңы технологияларды колдонгон, мисалы:* **ПСМТ** усулун колдонуп өтүү теманы жеткиликтүү түшүндүрүүдө өзүнүн жемишин берген. Ал: **Позиция** – студент сабакта айтылган көйгөйгө же бирөөнүн ой-пикирине карата өзүнүн позициясын же ой-пикирин айтат. **Себеп** – студент өзү айткан көйгөйдүн же ой-пикирдин себептерин аныктайт, далилдейт. **Мисал** – ой-пикирин далилдөө үчүн ар түрдүү мисалдарды келтирет, аларды турмуш менен байланыштырат, чыныгы турмуштан ушуга окшош далилдерди издейт. **Тыянак** – студент өзү айткан, далилдеген жана мисал келтиргендеринен тыянак, жыйынтык чыгарат.

*Студенттердин билимин текшерүдө жана жыйынтыктоодо атайын иштеп чыккан* критерийлер эске алынган:

- элдик акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн билиши;
- төкмө ырчылардын жана жазгыч акындардын чыгармачылык табиятын түшүнө алуусу;
- чыгармага адабий-теориялык талдоо жүргүзүүсү;

•чыгарманын тилин түшүнүүсү.

**6. Алынган жыйынтыктардын ички биримдиги**. Изилдөөдөгү алынган жыйынтыктар ички биримдикке, уланмалуулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маанилик байланыштуулукка ээ.

**7. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо.** Диссертанттын илимий - изилдөөсү акындар чыгармачылыгын окуп-үйрөнүүнүн жүрүшүндө жаңы технологияларын колдонуунун негиздерин, методологиясын, методдорун иштеп чыккандыгы менен баалуу.

**8. Диссертация негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү:** Диссертациянын негизги мазмуну 0,1 ден жогору импакт фактору бар басылмаларга 3 илимий макалада, 5 РИНЦтен чет өлкөлөрдө чыккан илимий макалада, 11 Кыргызстанда чыккан илимий макалада тастыкталган.

**Иш** Кыргызстанда (2018; 2019) жана Россияда (2020) өткөрүлгөн эл аралык илимий конференцияларда, «Ыйык Ата-Журт» коомдук жаштар фонду тарабынан жыл сайын өткөрүлүп келе жаткан IX, X, XI эл аралык илимий-практикалык симпозиумдарда жасалган баяндамаларда жайылтылган.

**9. Автореферattын мазмуну диссертация менен дал келиши.** Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмуну менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары бири-бирине дал келет.

**10. Диссерациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кеткен айрым мүчүлүштүктөр:**

-диссертацияда акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүүдө акындардын чыгармаларынын өзөгүндөгү идеялык – тематикалык маанисин элдик тарбиянын түрлөрү, методдору жана приницптери менен дагы да бекем байланыштыра караса, чыгармалардын мисалдары менен жуурулуштурса жакшы болмок;

-диссертациянын негизги жоболорун сыноодон өткөрүүнүн негизинде келип чыккан сунуштарын дагы да конкреттештирсе жакшы болмок, окуу программаларын түзүүдө, окуу китептерин жазууда, стандарддарттарды иштеп чыгууда жана меодикалык колдонмолорду жазууда эске ала турган жаңы иш-чараларды сунуштаса жакшы болмок;

-иште орфографиялык каталар кездешет.

Бул айтылгандар диссертациянын толук мазмунуна анча кедерги тийгизбейт, андыктан, ал өзүнүн талаптарына жараша жазылган деп бааланат.

**11. КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына диссертациянын дал келиши.** Жогоруда айтылган алгылыктуу жагдайларды эске алуу менен, изденүүчү

Жумабаева Динара Сапарбаевнанын “Колледждерде акындар поэзиясын окутууну этнопедагогикалык негизде өркүндөтүү” аттуу 13.00.02.-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тармак үчүн маанилүү деп бааланат. Ал эми, анын автору Жумабаева Динара Сапарбаевна аталган темадагы жана адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык изилдөөсү үчүн педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептейм.

**Расмий оппонент:** **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**
**Күнү:** **29-сентябрь, 2022-ж.**

“Профессор С.Рысбаевдин колун тастыктаймын”
КББАнын Кадрлар бөлүмүнүн башчысы:

Дата поступления отзыва в ДС Д13.20.623
30.09.2022 г.
Уч. секр. Асанбаева

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ